*История*

**УДК: 947.1/9(575.2)**

***Асипбаева М.Б., Жалиева Б.С.***
*Ж.Баласагын атындагы КУУ / КНУ им.Ж.Баласагына*
***Asipbaeva M.B., Jalieva B.S.***
*J. Balasagyn KNU*

# Россиянын Кыргызстандагы билим берүү саясаты жана аны ишке ашыруудагы өзгөчөлүктөрү (XIX к. аягы - XX к. башы)

# Образовательная политика росии в Кыргызстане и ее особенности в реализации (конец XIX в. - нач. XX в.)

# Educational policy of russia in Kyrgyzstan and its features in implementation (end of the 19th century - early 20th century)

***Аннотация.*** *Бул макалада Орто Азия элдери Орусия тарабынан каратылгандан кийин Түркстан аймагында колониалдык саясаттын алгачкы кадамдарынын бири билим берүү тармагындагы маселелер каралды. Түркстан аймагындагы билим берүүнүн стратегиясын ишке ашырууну анын биринчи генерал–губернатору К. П. фон Кауфман иштеп чыккан. Ал Орто Азиядагы Россия империясынын жалпы кызыкчылыгын жана көчүп келип жаткан орустардын коопсуздугун камсыз кылууну көздөгөн.*

***Аннотация.*** *В данной статье рассматриваются вопросы в области образования, одного из первых шагов колониальной политики в Туркестанском крае после завоевания народов Средней Азии Россией. Реализация стратегии просвещения в Туркестане была разработана его первым генерал-губернатором К. П. фон Кауфманом. Он преследовал общие интересы Российской империи в Средней Азии и безопасность русских переселенцев.*

***Abstract.*** *This article discusses issues in the field of education, one of the first steps of the colonial policy in the Turkestan region after the conquest of the peoples of Central Asia by Russia. The implementation of the education strategy in Turkestan was developed by its first governor-general, K. P. von Kaufmann. He pursued the common interests of the Russian Empire in Central Asia and the safety of Russian settlers.*

***Урунттуу сөздөр:*** *Түркстан, жергиликтүү, орус-тузем мектеп, билим берүү, программа*

***Ключевые слова:*** *Түркстан, местные, русско-туземная школа, образование, программа*

***Keywords:*** *Turkstan, local, Russian-native school, education, program*

1870-ж. Ташкентте Түркстан крайынын генерал-губернаторунун алдында мектеп иштерин уюштуруу маселесин жана облустун окуу жайларын башкаруунун негизги принциптерин талкуулоо үчүн комиссия түзүлгөн. Бул комиссия «Түркстан крайында окуу бөлүмүнүн жана элге билим берүүнү уюштуруунун негизги жоболорун» иштеп чыккан. Комиссия «аймактагы орус калкынын жашоо шарты жана социалдык абалын эске алып, көчүп келген орустар үчүн эки түрдүү мектептердин зарылдыгын аныктайт: биринчиси, башталгыч билими менен чектелген орус карапайым калкынын балдары үчүн мектептер; экинчиси, жалпы гимназиялык билим алууну каалаган чиновниктердин, соодагерлердин жана башка адамдардын балдары үчүн мектептер.

Ошол эле учурда бул мектептерде карапайым элдин балдары башкача айтканда жергиликтүү калктын балдары да чогуу окуй алышат эле. «Жобого» ылайык 1876-ж. январь айында Түркстан аймагында Эл агартуу министрлигине караштуу окуу мекемелеринин жетекчилиги түзүлгөн. Ошентип келгиндердин жана жергиликтүү калк үчүн 80-жж. Түркстан чөлкөмүндө элге билим берүү системасы түзүлгөн Алардын ишмердигине Түркстан аймагындагы ачылган орус- жергиликтүү мектептери үчүн, атайын билим берүү окуу планын, программаларын иштеп чыгуу маселеси тапшырылган. Жөн гана иштеп чыгуу эмес жергиликтүү билим берүү системасын түп-тамыры менен өзгөртүп, аны орус мамлекеттик коомдук турмушуна айкалыштырып кайра түзүү болгон. Программада төрт жылдык мөөнөт жана кол өнөрчүлүк классы камтылган. Орус келгиндеринин балдары менен жергиликтүү окуучуларды чогуу окутуу каралган. Билим берүү Н. И. Ильминский түзгөн усулдун негизинде орус транскрипциясын колдонуу менен айтылган сөздү айрыкча ариб жана тамгалардын жардамы менен айтылгандай так жазуу системасында жүргүзүлүүгө тийиш болгон [1, 184-б.]. Документ бир нече толуктоолор менен 1875-жылдан тарта кабыл алынган. Программага биринчи генерал-губернатор фон-Кауфмандын жеке сунушу боюнча мектептерде кол өнөрчүлүк сабагын киргизүү, келечекте окуучулар туруктуу жумуш орду, айлык акысы менен камсыз болуусу сунушталган [2, 10-б.].

Орус-жергиликтүү мектептеринин жөнөкөй орус мектептеринен өзгөчөлүгү түздөн-түз жергиликтүү элдин балдарына билим берүүгө багытталган. Ошондуктан окуу программасына жергиликтүү мусулман мектептеринин окуу ишмердиги камтылган.

1887-жылкы көрсөтмөгө ылайык орус- жергиликтүү мектептерде окуу мөөнөтү эки бөлүккө бөлүнгөн: биринчи эки саат орус тилинде окуп-жазуу, арифметикалык төрт амалга багытталса; экинчи эки саат жергиликтүү мугалим балдарды мусулман мектебинин программасы менен окуткан [3, 12-б.]. Алгач мындай мектептерди ачуу орус тили менен аз тааныш болгон чет-жакаларда айыл-кыштактарда, шаардын четки кварталдарында ачууга багытталган. Эч кандай натыйжа бербегендиктен түздөн-түз орус улутундагы эл менен чогуу жашаган аймакка которулган.

Көчмөн, жарым көчмөн жашаган аймактын элине жергиликтүү-орус мектептеринде бирдиктүү окуу күнү болгон эмес. Маселен, Кыргызстандагы жергиликтүү-орус мектептерде окуу күнү жылына айыл жерлерде 107 күндөн 128 күнгө чейин созулса шаар аймактарында 130 күндөн 150 [4], күнгө чейин уланган. Окуу мөөнөтү 4 жыл деп эсептелген менен кээде 6-8 жылга чейин созулуп кеткен. Орус-жергиликтүү мектебин аяктоо үчүн орус тилин билип чыгуу зарыл болгон. Эгерде мугалим окуучунун орус тилинде окуп, жаза билгенин байкаса программаны өздөштүргөн катары эсептеп, экзамендик жыйынтыктын негизинде мектепти бүтүргөндүгү тууралуу күбөлүк тапшырылган. Жаш өзгөчөлүгү эске алынган эмес. 8 жаштан 20 жашка чейинки улан-кыздар кабыл алынган [5, 35-б.]. Бөлүнүү окуучулардын жөндөмдүүлүгүнө жана билим деңгээлине жараша жүргүзүлгөн.

1895-жылкы жобо боюнча окуу шаарларда 1-августтан башталып, 1-июнда аяктаса, көчмөн мал чарбачылыгы менен алектенген аймактарда 1-сентябрдан 1-майга чейин улантылууга тийиш болгон [6, 82-б.]. Бирок окуу мөөнөтү турмуш-шартка байланыштуу кээде сентябрдын аяк ченинде октябрда башталган. Ноябрь айынан тарта апрелге чейин окуучулардын саны жогорулап, май айынан тарта кескин төмөндөгөн. Кээ бир мектептерде такыр эле токтоп калган. Жаз жана къз мезгилдеринде окуучулар үй жумуштары менен алек болушкан. Жергиликтүү ата-энелер өз балдарын адат

болгон мусулман мектептеринде окутууга басым жасашкан натыйжада мусулман мектептерине болгон талап өтө жогору болуп, ар кайсы курактагы окуучулар мусулман мектептерине толуп кетип, жалгыз мугалимге сабак өтүү оорго туруп калган.

Жергиликтүү-орус мектептеринин программасы боюнча билим берүү баштапкы орус мектептеринин эң төмөнкү баскычына кирген. 1887-ж. иштелип чыккан “Түркстан чөлкөмүндөгү орус- жергиликтүү училищелеринин башчылары үчүн көрсөтмөгө” ылайык мектепте окутула турган сабактардын курамы бир канча кеңейтилген. Анда орус тили, окуу жана жазуу, бүтүн сандар менен арифметикалык амалдар, орус тарыхынын маанилүү окуялары жана маанилүү географиялык маалыматтар менен таанышуу. Жергиликтүү элдердин балдары үчүн орус транкрипциясын колдонуу менен эне тилинен сабак өтүү иши пландаштырылган, бирок орус балдары жергиликтүү калктын эне тилин үйрөнүү милдеттүү эмес эле. Мындан тышкары орус-жергиликтүү мектептеринде жергиликтүү тилде кат таанытуучу мугалимдер болгон. Орус жана жергиликтүү мугалим кезеги менен училищенин ар бир тайпасынын окуучулары менен иштешип ар бир окуучу эки саат орус мугалиминен эки саат мусулман мугалимден сабак алышкан.

Программада орус-тузем мектептериндеги окутуунун максаттары көрсөтүлгөн. Ал жергиликтүү калктын айрым бөлүгүнүн орустар менен жакындашуусуна кызмат кылууга тийиш болгон. Муну эске алуу менен училищенин башчыларына окуучуларга өтө гумандуу мамиле жасоо сунушталган жана кандайдыр бир жазаларды колдонууну таптакыр эле баш тартуу талап кылынган. Аны менен бирге жергиликтүүлөргө карата сыртынан болсо да динин, каада салттарын сыйлап жумшак мамиледе болуу, жергиликтүү коомдун жакшылары менен мамиле түзүү мүмкүнчүлүктөрүн табуу алардын тилин салтын үйрөнүү жана жергиликтүүлөрдүн училищелерге келишине эркин жол ачып берүү каралган.

1884-жылдан жумушка киришкен генерал-губернатор Н.О.фон Розенбах мусулман мектептерине чочулоо менен кылдат мамиле жасап, алардын иш-аракеттерин өз көзөмөлүнө алган. Мусулман мектептерине каршы орус-жергиликтүү мектептерин кеңири жайылтууну максат кылган. Жаңыдан мусулман мектебинин ачылышына түздөн-түз каршы чыккан. Түркстан генерал-губернаторунун алдындагы ислам маселеси боюнча башкы адистер В. П. Наливкин менен Н. П. Остроумов болгон. 1891-1896-жылдар аралыгында Түркстан крайындагы мусулман окуу жайлары боюнча негизги маселеге В. П. Наливкин жооп берген. Генерал-губернатор С. М. Духовскийдин тушунда ислам динине байланышкан маселелер боюнча башкы кеңешчи дайындалган. Өзү өзбек тилин мыкты өздөштүрүп, Түркстан аймагынын тарыхы, географиясы, диний мамилелер, ислам маселеси, медреселердин ишмердүүлүгү боюнча баяндама жасап турган.

В. П. Наливкин медреселерде реформа жүргүзүүнү көздөп, биринчиден араб грамматикасы менен мусулман окуусун өзбек тилине которуп, ага кошумча арифметика, география, тарых жалпы билим берүүчү предметтерди орус тилинде медреселерде өтүүнү сунуштаган. Башкача айтканда медреселерде орус тили курсун киргизүүнү көздөгөн [1,167-б.], ал көздөгөн максат көптөгөн каршылыктарга туш келип, натыйжада ишке ашкан эмес.

Түркстан крайындагы агартуучулук стратегиясын ишке ашырууну анын биринчи генерал–губернатору К. П. фон Кауфман иштеп чыккан. Ал жергиликтүү калкты агартуу менен катар Орто Азиядагы Россия империясынын жалпы кызыкчылыгын жана көчүп келип жаткан орустардын коопсуздугун камсыз кылууну көздөгөн.

К.П. фон Кауфман мусулман дининин таасири анча күчтүү болбогон көчмөн элдерди мусулман дининен коргоонууну чечет. Бул максатын ишке ашыруу үчүн кыргыз жана казак элдеринин балдары үчүн атайын орус-тузем мектептерин ачып, орус тилинде окуган балдарын орусташтырып, мусулман дининин таасиринен арылтууга мүмкүн экендигине жаңылыштык менен аракет жасаган. Орус-жергиликтүү мектептерде билим берүү Н.И.Ильминский түгөн система боюнча жүргүзүлүүгө тийиш эле.

Ильминский Николай Иванович педагог-миссионер, чыгыш таануучу. Казань духовный академиясын 1846-жылы ийгиликтүү аяктап, ошол жерде мугалим болуп иштеп калган. Ислам динин изилдөө үчүн Египет, Палестина, Сирия сыяктуу ислам өлкөлөрүндө болгон. Н. И. Ильминский Орусиянын курамындагы башка улуттагы балдарга орус мектептеринде билим берүүнүн программасын иштеп чыгып, бул жобо 1870-жылы 26-мартта падыша өкмөтү тарабынан мыйзамдаштырылат [7, 52-б.]. Н.И. Ильминский усулу боюнча баштапкы билим берүү эне тилинде жүргүзүлүүгө тийиш болгон. Анткени эне тили аркылуу орус тилин, орус илимин үйрөнүү эң натыйжалуу усул катары эсептеген [8,53-б.]. Бул үчүн орус тилин эне тилинин жардамы аркылуу орус транскрипциясын колдонуу менен текст алгач эне тилинен орус тилине которулуп, кайрадан тескерисинче орус тилинен эне тилине которулган.

Бул педагогикалык концепция боюнча орус-жергиликтүү мектептеринде билим берүү төрт жылдык мөөнөт менен эки этапка бөлүнгөн: биринчи этапта эки жыл окутуу жергиликтүү элдердин эне тилинде жүргүзүлүп, орус тили оозеки сүйлөө тили катары киргизилген; экинчи этапта окутуу толук орус тилине өткөрүлгөн жана негизги этап катары каралган.

Н. И. Ильминский жергиликтүү элге тездик менен орус тилин үйрөтө салабыз деп эңсеген фанаттарга каршы чыгып, орус тилин элге акырындык менен үйрөтүүнү орус тилине, дилине, орус мамлекетине жакындатуунун натыйжалуу жолу катары эсептеген. Тил гана негизги фактор болбостон элдин диний ишеними, дили, түшүнүгү, жашап келген мурасы менен да эсептешүүнү эскертет. Биринчи кезекте элдин ички дүйнөсүн орусташтырып, христианча, орусча ой жүгүртүүнү, сезе билүүнү үйрөтүү зарыл [1,173-б.].Эгерде орус тилинде сүйлөгөн менен ички дүйнөсүндө өз эне тилинде ой-жүгүртүп сезе билсе анда натыйжа жок. Тескерисинче өз эне тилинде сүйлөгөн менен ички дүйнөсүндө христиан динин чыныгы өздөштүрсө, ал орусташып тилин эмес, ички дүйнөсүн, дилин, акыл-оюн бурууну алгылыктуу катары эсептейт [7, 57-б.].

Н.И. Ильминскийдин багыты боюнча жергиликтүү элди чокундуруу, динин буруу башкы маселелерден болгон. Диний мүнөздө билим берүү менен башка диндеги калктын арасында чоочун, бөлөк динди үгүттөөгө багытталган.

С. М. Граменицкий Н.И. Ильминскийдин усулуна каршы чыгып, орус жергиликтүү мектептеринин билим берүүдөгү башкы кемчилиги катары жогорудагы эне тили аркылуу которуп окутуу ыкмасын сынга алат. Бул усулду орус-жергиликтүү мектептеринин жыйынтык бербегендигинин башкы себеби катары эсептеп, орус класстарында эне тилин толук программадан алып салууну сунуштайт. Анын ордуна орус класстарында нукура орус тилинде чыныгы нерсенин өзүнө карап, көргөзмө иретинде окутуу усулун сунуштайт. С.М.Граменицкий (1859-1918) 1884-жылы Ташкентте гимназияга мугалим болуп, 1893-жылдан тартып Сыр-Дарыя областында элдик училищелердин инспектору болуп иштейт. Ал орус-тузем мектептеринин иштерин жакшыртуу максатында эмгектенип, бир топ окуу китептерди жаратат. Башталышында орус-тузем мектептеринде окутуу үчүн эч кандай колдонмолор болгон

эмес. 1890-жылдарда гана С. М. Граменицкий алгачкы окуу китебин, 1899-жылы ал үч окуу китепти чыгарат. Анын окуу китептерине окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша орустун улуу классиктери Л.Толстойдун, И.А.Крыловдун, А.С.Пушкиндин, Н.А.Некрасовдун, Л.Ю.Лермонтовдун ж.б. аңгемелерин, жомокторун, тамсилдерин киргизген. Бирок С.М.Граменицкийдин түзгөн китептеринде Түркстан крайынын турмушуна байланыштуу жергиликтүү материалдар жокко эсе болуп, бир катар макалаларда Россиялык монархияны орунсуз эле көкөлөтүп мактоо жагы көп болгон. Ушул эле мезгилде ал “Башталгыч арифметиканы” иштеп чыгып 1924-жылга чейин бир нече ирет басылып чыккан.

Жогорудагы С. М. Граменицкийдин аты менен байланышкан усулду 1892-жылдан тарта Түркстан аймагын орусташтырууга жасалган аракеттин экинчи этабы катары баалашат. 1897-жылдан тарта С. М. Граменицкий бүтүндөй Сыр-Дарыя областы боюнча үлгү катары мектептерди толук орус тилинде окутууга өткөзөт. Натыйжада орус жергиликтүү мектептеринин аймакта сан жагынан өсүүсүнө алып келет.

С. М. Граменицкий орус-жергиликтүү мектептеринин усулун өзгөртүү, окуу китептерин түзүү боюнча көп эмгектенип, бул мектептер аркылуу жергиликтүү калктын маданий агартуу деңгээлин көтөрүү боюнча туура пикирин айтып, ал эми сан жагынан орус жергиликтүү мектептерге караганда 30 эсе көптүк кылган мектеп-медреселерге көзөмөл кылуунун кереги жок дегенди жаңылыштык деп белгилейт [9,147-б.].

Генерал – губернаторлор, жалпы Түркстан аймагын башкарган администрация мусулман дининин мынчалык бекемдигин сезишкен эмес. Жергиликтүү-орус мектептерди ачуу менен кыска убакыттын ичинде элдердин тилин, дилин буруп алууга аракет кылышкан. Мектептердин ачылышынын натыйжасыздыгы орус мектебинин, орус мамлекетинин беделине тескери таасирин тийгизип жатат деп эсептешкен.

Окуучулар орус-жергиликтүү метептерине айыл аксакалдары, болуштук башкаруучулардын таасири астында барышып, жыйынтыксыз окушат. Сан жагынан бир канча орус жергиликтүү мектептери ачылган менен, катышкан окуучулардын саны эң эле аз болгон. Окуучулар каалаган учурда мектепке барышып, каалаган учурда кетип калышкан.

Түзүлгөн кырдаалды жөнгө салуу максатында Н.О. фон Розенбах орус мамлекетинин түзүлүшү, максаты, кызыкчылыгы үчүн орус мектептеринен алган гана билим шайкеш келе тургандыгын далилдөө максатында, орус тилин билген билимдүү, жергиликтүү жаштардан административдик бийлик органдарына дайындоо маселесин көтөрүп чыгат.

Экинчиден, Түркстан аймагы боюнча түзүлүп жаткан кырдаалдан чочулашкан. Мусулман билим берүүсү да жөн жаткан жок. Саясий эркиндикке жамынып жаш-татарлар, жаңы татарлар Түркстан аймагында жаңы усулдагы мектептерди ачуу менен агартуу тармагында реформа жүргүзүп, аймакта өз таасирлерин бекемдөө үчүн болгон аракеттерин жасашкан [9,148-б,].

1909-жылга карата Түркстан аймагынын бардык областтары боюнча жергиликтүү-орус мектептери араң жүздү чамалап, окуган жергиликтүү окуучулардын саны 3000дин тегерегинде болсо, мусулман мектептеринин саны 5543тү түзүп окуучулардын саны 70 000ди чамалаган. Андан сырткары 9000 окуучусу менен 311 медресе болгон [9,159-б.].

Орус- жергиликтүү мектептеринин пайда болушу адегенде жергиликтүү калктын анча ишенимин жараткан эмес. Алтургай байлар өзүнүн баласынын ордуна башка бирөөнү жалдап (окуучуну сатып алып) жөнөткөндүгү тууралу маалыматтар учурайт. Бирок акырындык менен орус-тузем мектептериндеги окуучулардын саны

арбый берген. Маселен Ош мектебинде окуучулардын саны 10дон 20га чейин, 1899-жылы 30дан 40га чейин санда оошуп турган. Токмокто окуучулардын саны боюнча алдыңкы орунда турган. Анда кыргыз, өзбек, татар, орус балдары окуп, 1903-жылы алардын саны 120 жеткен. Д.Айтмамбетовдун келтирген маалыматтары боюнча 1916-жылга карата Кыргызстанда иштеп жаткан 16 орус-тузем мектебинде бардыгы болуп 750 окуучу, анын ичинен 670син жергиликтүү калктын балдары түзүп 614 эркек балдар жана 56 кыздар болушкан [10, 62-б.].

Орус-жергиликтүү мектептеринде окутуунун деңгээли ар кандай болгон. Алардын айрымдарынын балдарды окутууга жана мугалимдерди даярдоого шарты жок болгон. Мындай мектептерде окуучулар эң жакшы дегенде орусча окуганды үйрөнүп сүйлөшө келгенде кыйналышкан. Бирок аталган мектептердин башкаларында окутуу дурус жолго коюлган. Пржевальскидеги эркек жана кыздар орус-тузем мектеби, окуу иштеринин коюлушу жана анда түптөлгөн “кыргыз жатак мектеби” боюнча да үлгү боло турган. Акырындык менен кыздар үчүн атайын орус-жергиликтүү мектептери ачыла баштаган. Жогоруда аталган шаардан сырткары мындай мектеп, Токмокто да 1911-жылдан кыздардын орус-жергиликтүү мектеби иштей баштаган. Анда 30дан ашыгыраак окуучулар окуп көпчүлүгү татар, өзбек, орус жана бир нече кыргыз кыздары окушкан.

Чынында колониалык бийликтер үчүн орус-жергиликтүү мектептери, тез аранын ичинде чөлкөмдү орусташтырып жиберүүдөгү негизги куралы болуп бере алган жок. Бирок, Түркстан аймагында жашаган башка улуттарга салыштырганда тарыхый булактарда жазылгандай, дээринде билимге жөндөмдүү кыргыз эли үчүн аз да болсо таасирин тийгизгендигин белгилеп кетүү зарыл. Орус мектептеринин ачылышы менен Каракол, Токмок, Пишпек, Ош сыяктуу шаарларда китепканалар пайда болуп, эл арасына массалык-маалымат каражаттары кеңири тарала баштайт.

Каракол шаарындагы шаардык китепканадан окуп жүргөн Жаманкараев Байчеринин эскерүүсүнөн: «Каракол шаарында шаардык библиотека бар болчу. Биз окуучулар демалыш күндөрү дайыма барып китеп алып окучубуз. Алардын ичинде Н.Гоголдун, В.Жуковскийдин, А.Пушкиндин, М.Лермонтовдун, граф А.Н. Толстойдун китептери бар эле» [11].

Орус-жергиликтүү мектептеринде окуунун биринчи жылында орус тилинин алиппесин үйрөнүү менен ар кандай заттардын аттарын окуганды жана жазганды үйрөнүшөт. Арифметикадан 100гө чейинки сандарды билишип, 20га чейинки сандарды алуу жана кошууну, оозеки көнүгүү иштерин жүргүзүшөт.

Окуунун экинчи жылында орус тилинен бак, огород, талаа, токой, базар жөнүндөгү анчалык чоң эмес аңгемелерди окуганды жана жазганды үйрөнүшүп, өзүн курчап турган табият, анын кубулуштары жөнүндө билим алышкан.

Окуунун үчүнчү жылында жазуу иштери окуган текстке карата жооп түзүү иретинде болуп, орус орфографиясынын маанилүү маселелери окутулуп, ал боюнча көрүп жазышкан.

Окуунун төртүнчү жылында көлөмү жагынан улам чоң жана татаал болгон аңгемелерди окуу жана жазуу иши улантылып, Россиянын кыскача географиясы, орус тарыхынын урунттуу бөлүмдөрүн, Түркстан аймагы жөнүндө маалыматтарды окушкан. Окуу мугалим менен окуучунун ортосунда аңгемелешүү иретинде жүргүзүлгөн.

1913-жылы 14-июнда агартуу министрлиги тарабынан жаңы жобо иштелип чыгат. Бул жободо төмөнкү окуу планы тиркелген [10,70-б.]:

| сабактар | Сабактын саны | | |
| --- | --- | --- | --- |
| | Бир класстуу училищеде | | Эки класстуу училищеде экинчи класста |
| | 1,2- жылда | 3,4-жылда | |
| Кудай сабагы | 4 | 4 | 4 |
| Орус тили | 12 | 12 | 10 |
| Эне тили | 6 | 6 | 6 |
| Арифметика | 6 | 6 | 6 |
| Ыр | 2 | 2 | 1 |
| Орус тарыхы | - | - | 2 |
| География жана табигыйбилим | - | - | 3 |
| Черчение жана геометриялык маалымат | - | - | 2 |
| бардыгы | 30 | 30 | 30 |

Бул программада орус тилине күнүнө 2 сааттан, ал эми эне тилине 1саат берилгенин көрүп турабыз.

Орус бийлиги аймактагы жергиликтүү калкка терең билим берүү эмес, мектептер аркылуу орусташтыруу, өздөрүнүн муктаждыктары үчүн катчы, котормочу тилмечтерди даярдоону негизги орунга коюшкан. Ачылган орус-тузем мектеринин эшиги баарына ачык болгону менен анда бай-манаптардын, колунда бардарлардын, орустардын гана балдары окууга мүмкүнчүлүк алышып, кедей-кембагалдын балдары мектептен сырткары калышкан, себеби падыша өкмөтү жергиликтүү кыргыз элинин билим-илимге умтулушуна, улуттук маданиятынын өсүшүнө кызыкдар болушкан эмес. Ошондуктан орус-тузем мектептерин каржылоо жергиликтүү элдин жонуна жүктөлгөн. Ал эми ачылган орус-тузем мектептеринин ишмердүүлүгүндө бир топ кемчиликтер болгону менен бир аз болсо да прогрессивдүү жагы болгон. Анда билим алган окуучуларга белгилүү окуу планы, программасы жана окуу куралдары менен билим бериле баштаган. Үстүртөн болсо орус тилин, коомдук жана табыгий илимдерди үйрөнүшүп, европалык багытта билим алышына белгилүү деңгээлде шарт түзгөн.

**Адабияттардын тизмеси:**


1. Асипбаева М.Б. XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы Түндүк Кыргызстандагы агартуунун абалы. – тарых илим.канд.окумуштуулук наамын алуу үчүн жазылган диссертациянын кол жазмасы. - Б., 2014.
2. Кочаров В. Из истории организации и развития народного образования в Туркестанском крае. [Текст] / В.Кочаров. – Ташкент, 1959. - 262 с.
3. Думенко М.Ф. Русско-туземные школы Туркестана. [Текст] / М.Ф. Думенко – Ташкент, 1957. – 176 с.
4. Кыргыз Республикасынын БМА. Ф.86, оп.1, д.27, 116
5. Сембаев А.И. Храпченков Ч.М. Очерки по истории школ Казахстана (1900-1917) [Текст] / А.И. Сембаев , Г.М. Храпченков . – Алма-Ата, 1972. – 164 с.

6. Пален Н.П. Отчет ревизии Туркестанского края. Учебное дело [Текст] /Н.П.Пален. – СПб.,1910. – 219 с.
7. Сумарокова О.Л. История Российского образования в Киргизии и роль в нем русского языка (1860-е-1917гг.) [Текст] / О.Л.Сумарокова. – Бишкек, 2009. – 166 с.
8. Храпченков Г.М., Храпченков В.Г. История школы и педагогической мысли Казахстана. Учебное пособие [Текст] / Г.М.Храпченков, В.Г. Храпченков – Алматы, 1998. – 168 с.
9. Кауфманский сборник изданный в памяти 25 летию истекших со дня смерти покорителя и устроителя Туркестанского края генерал-адъютанта К.П. фон-Кауфмана1-го. [Текст]. – М., 1910. – 247 с.
10. Айтмамбетов Д.О. До революционные школы в Киргизии [Текст] / Д.О. Айтмамбетов. – Ф., 1961. – 129 с.
11. Чынгыз Айтматов атындагы тил жана адабият кол жазмалар фондусу, Инв. 5167, 130 бет.

***Рецензент: Зайниев Р.А.** – кандидат исторических наук, доцент КГУ им.И.Арабаева*